М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды №__“_05_”_сентябрь_2022-ж.

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору ______ М.Бакирова №__“_5_”_сентябрь_2022-ж.

## М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин усулдук кеңеши тууралуу ЖОБО

**Жалпы жоболор:**

1.Кыргыз Республикасынын орто билим берүүчү окуу жайынын усулдук кеңеши (мындан ар усулдук кеңеш) педагогикалык кызматкерлерди бириктирген, орто билим берүүнү башкаруунун формасы болуп эсептелет. Кенеш кыргыз Ресубликасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдында түзүлөт.

2.Кенештин өз ишинде Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, башка ченемдик укуктук актыларга жана ушул жобого таянат.

3. Кеңештин ишинин негизги принциптери демократиялуулук, коллегиялуулук, ачыктык, айкындуулук болот.

4. Кеңештин чечимдери өзүнүн иш планына ылайык кабыл алынат жана сунуш мүнөзүндө болот.

**Максаттары жана милдеттери:**

1.Илимдин, маданияттын, техниканын жана технологиянын өнүгүү тенденциясын эсепке алып, коомдун керектөөсү жеке адамдын керектөөсү менен шайкеш келгендей, жалпы орто билим берүүнүн сапаты, мазмуну жана түзүлүшү боюнча билим берүү саясатында сунуштарды иштеп чыгуу,

2.Билим сапатын көтөрүү, предмет мугалимдеринин өз адистиги үстүндө иштөө, чыгармачылыкта иш алып баруусун камсыздоо,

3.Мугалимдердин өз кесибинин үстүндө чыгармачылыкта иштөөсү, жаңы табылгаларды жаратуусуна шарт түзүүчү механизмдерди табуу,

4.Окуу программаларынын толук жана сапаттуу аткарылышын көзөмөлдөөчү иш-аракеттердин уюштурулушун камсыздоо,

5.Билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келген окуу китептерин, методикалык колдонмолорду колдонуу алдындагы анализдөөчү,методикалык жактан тажрыйба алмашуу максатындагы отурумдарды уюштуруу,

6.Сапаттуу билим берүүдө билим берүү стандарттарынын талабына шайкеш автордук методикалык табылгаларды, окуу-методикалык адабияттарды, окуу китептерин, аудиовизуалдык каражаттарды иштеп чыгуу чыгармачылыгын колдоо,

7.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүсүнө көмөктөшүү, ар кандай тренинг, семинарларга, курстарга катышуусуна шарт жаратуу,

8.Билим берүү прораммаларын ишке ашыруунун сапатына мониторинг жүргүзүү,

9.Окуу процессинин окуу-методикалык адабияттар, окуу китептери менен жабдылыш абалына талдоо жүргүзүү жана керектүү окуу китептери жана окуу куралдарын басмага даярдоонун келечектүү пландарын түзүү,

10. Жаш мугалимдер менен пландуу түрдө, тыгыз иш алып барууну жандандыруу

**Ишти уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

1.Усулдук кеңештин жылдык планынын негизинде мектепте ар бир чейрек ичинде усулдук кеңешме өткөрүлүп барылат. Каралуучу маселелер окуу жылы ичинде каралуучу зарыл маселелер болуп, ал кайсы бир усулдук бирикменин аракети менен иштелип талкууланат.

2.Усулдук кеңештин планында көрсөтүлгөн маселелер билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештикте, жеке усулдук бирикмеде талкууланууучу маселе катары бөлүштүрүлүп, жыйынтыгы усулдук кеңеш коюлуп каралат жана чечимдерди чыгарат.

3. Жыл жыйынтыгы боюнча усулдук кеңеш усулдук бирикмелердин ишине баа берет.

4. Окуу жылы аягында усулдук кенеш кийинки окуу жылы үчүн зарыл болгон маселелерди пландайт.